**УДК** 372.8:811.111 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.468

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КЕП ИШМЕРДИГИН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ТЕОРИЯ МЕНЕН ПРАКТИКАДАГЫ ШАЙКЕШСИЗДИКТЕР

Гапарова Чынаркан Абдураимовна
ORCID: https://orcid.org/0000-0002-1209-9701,
Филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош мамлекеттик университети Ош шаары, Кыргызстан, cgaparova@mail.ru

**Аннотация**

Бул макала башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин калыптандырууда теория менен практикадагы шайкешсиздиктерди изилдөөгө багытталган. Учурда билим берүү системасында башталгыч класстардын окуучуларынын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү өзгөчө актуалдуу маселе болуп эсептелет. Изилдөөнүн предмети – окуучулардын кептик жөндөмдөрү жана мугалимдердин теориялык жана практикалык көндүмдөрү. Изилдөө аналитикалык, салыштыруу, талдоо, сурамжылоо, интервью жана практикалык байкоо методдору аркылуу жүргүзүлгөн. Натыйжалар көрсөткөндөй, теориялык билим менен практикалык сабактардын ортосунда айырмачылыктар бар, бул окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүнүн жетишсиз өнүгүшүнө, сөз байлыгынын чектелүүсүнө жана коммуникативдик көндүмдөрүнүн начар калыптанышына алып келет. Шайкешсиздиктер мугалимдердин методикалык даярдыгынын жетишсиздиги, эски же формалдуу окутуу ыкмаларынын колдонулушу, методикалык камсыздоонун сапатынын төмөндүгү жана практикалык көнүгүүлөрдүн аздыгы менен байланыштуу. Изилдөө көрсөткөндөй, теория менен практиканы интеграциялоо, интерактивдүү жана долбоордук методдорду колдонуу, практиканын мазмунуна көңүл буруу, рефлексиялык процессти өнүктүрүү жана ментордук колдоо башталгыч класстардын окуучуларынын кептик компетенттүүлүгүн натыйжалуу калыптандырууга мүмкүндүк берет. Алынган жыйынтыктар билим берүү сапатын жогорулатуу жана мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн практикалык сунуштарды иштеп чыгууга негиз түзөт.

**Ачкыч сөздөр:** башталгыч класстар, кеп ишмердиги, теория менен практика, коммуникативдик компетенттүүлүк, педагогикалык технологиялар.

# НЕСООТВЕТСТВИЯ МЕЖДУ ТЕОРИЕЙ И ПРАКТИКОЙ В ФОРМИРОВАНИИ РЕЧЕВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Гапарова Чынаркан Абдураимовна
ORCID: https://orcid.org/0000-0002-1209-9701
Кандидат филологических наук, доцент
Ошский государственный университет г. Ош, Кыргызская Республика, cgaparova@mail.ru

**Аннотация**

Данная статья направлена на изучение несоответствий между теорией и практикой в процессе формирования речевой деятельности учащихся начальных классов.В настоящее время развитие языковой и коммуникативной компетентности школьников является особенно актуальной проблемой. Предмет исследования — речевые навыки учащихся и теоретические и практические компетенции учителей. Исследование проводилось с использованием аналитических, сравнительных и оценочных методов, анкетирования, интервью и практических наблюдений. Результаты показали, что несоответствия между теоретическими знаниями и практическими занятиями приводят к недостаточному развитию языковой компетентности, ограниченному словарному запасу и слабому формированию коммуникативных навыков. Эти несоответствия связаны с недостаточной методической подготовкой учителей, использованием устаревших или формальных методов обучения, низким качеством методического обеспечения и ограниченным применением практических упражнений. Исследование показывает, что интеграция теории и практики, применение интерактивных и проектных методов, внимание к содержанию практики, развитие

рефлексивных процессов и поддержка наставников позволяют эффективно формировать речевую компетентность учащихся. Полученные результаты создают основу для практических рекомендаций по повышению качества образования и профессиональной компетентности учителей.

**Ключевые слова:** начальные классы, речевая деятельность, теория и практика, коммуникативная компетентность, педагогические технологии.

## INCONSISTENCIES BETWEEN THEORY AND PRACTICE IN THE FORMATION OF SPEECH ACTIVITY OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

Gaparova Chynarkan Abduraimovna
ORCID: https://orcid.org/0000-0002-1209-9701
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Osh State University,
Osh, Kyrgyz Republic, cgaparova@mail.ru

**Abstract**

This article is aimed at examining the inconsistencies between theory and practice in developing the speech activity of primary school students. Currently, enhancing students’ linguistic and communicative competencies in primary education is a particularly relevant issue. The study’s subject is the students’ speech skills and teachers’ theoretical and practical competencies. The research was conducted using analytical, comparative, and evaluative methods, surveys, interviews, and practical observations. The results indicate that discrepancies between theoretical knowledge and practical lessons lead to insufficient development of students’ linguistic competencies, limited vocabulary, and poorly formed communicative skills. These discrepancies are associated with teachers’ insufficient methodological training, the use of outdated or formal teaching methods, the low quality of methodological support, and the limited use of practical exercises. The study shows that integrating theory and practice, employing interactive and project-based methods, focusing on the content of practical training, fostering reflective processes, and providing mentor support can effectively develop primary school students’ speech competencies. The obtained results provide a foundation for practical recommendations to improve educational quality and enhance teachers’ professional competencies.

**Keywords:** primary school students, speech activity, theory and practice, communicative competence, pedagogical technologies.

**Киришүү.** Учурда билим берүү системасында башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуу. Башталгыч класстарда бул жөндөмдөрдүн калыптанышы негизги болуп саналат. Бирок практикада кеп ишмердигин калыптандырууда теория менен жаңыланган методикалык ыкмалардын ортосунда айырмачылыктар байкалууда. Бул шайкешсиздик окуучулардын тилдик жана коммуникативдик жөндөмдөрүндө жетишсиздиктердин болушуна алып келет. Ошондуктан аталган көйгөйдү илимий өңүттө изилдөө азыркы күндүн билим берүү сапатын жогорулатуу багытындагы негизги милдеттердин бири болуп саналат.

Изилдөөнүн максаты – башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин калыптандырууда теория менен практика ортосундагы шайкешсиздиктерди аныктоо жана алардын себебин изилдөө, ошондой эле, билим берүү процессиндеги ушул көйгөйлөрдү чечүү боюнча педагогикалык сунуштарды иштеп чыгуу. Изилдөөдө аналитикалык, салыштыруу жана талдоо, сурамжылоо жана интервью, практикалык байкоо методдор, ыкмалар колдонулду.

Кеп ишмердиги – тил аркылуу маалымат берүү жана кабыл алуу процессин камтыган комплекстүү ишмердик. Анда тилдин фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, стилистикалык жана коммуникативдик компоненттери өз ара тыгыз байланышта аракетке келет. Алардын физиологиялык, психологиялык жана социалдык өзгөчөлүктөрү да кеп ишмердигин калыптандырууга түз таасир этет**. Башталгыч класстардын окуучуларынын**

**кеп ишмердиги алардын тилдик компетенттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн негизги шарты болуп саналат.**

**Методдор жана талкуулар.** Педагогикалык теорияда кепти үйрөтүү процесси — бул окуучулардын оозеки жана жазма кепти мазмундуу, логикалык жана коммуникативдик функцияларын аткара билүү жөндөмдөрүн калыптандырууга багытталган комплекстүү процесс. Замандын талабына ылайык бул багытта проблемалуу окутуу, коммуникативдик жана интерактивдүү ыкмалар сыяктуу жаңы методикалык ыкмалар колдонулат. Практикада бул теориялык негиздерди туура жана натыйжалуу колдонуу зарыл. Анткени теория менен практиканын ортосундагы шайкештиктин жоктугу окуучулардын тилдик жөндөмдөрүнүн толук кандуу өнүгүшүнө тоскоолдук жаратат. Ошондуктан окутуу методдору, колдонулуп жаткан материалдар жана методикалык иштер окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен оптималдуу уюштурулушу керек.

Башталгыч класстардын окуучулары үчүн кеп ишмердигин өнүктүрүүнүн негизги багыттары төмөнкүлөр болуп саналат:

1. **Ой жүгүртүүнү кеңейтүү жана системалаштыруу** – окуучуларды ар кандай кырдаалга байланыштуу өз оюн билдирүүгө үйрөтүү.
2. **Мазмундуу жана логикалык байланышкан сүйлөмдөрдү түзүү** – тилдик бирдиктерди туура тандап, ойду толук жеткирүүгө көнүктүрүү.
3. **Текст менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу** – окуу, талдоо, мазмунун айтууну үйрөтүү. "Өзгөчө кеп өстүрүүгө карата түрдүү мазмундагы суроо-тапшырмаларды, машыгуу иш-аракеттерин текстке байланыштуу жүргүзүүгө болот" [1, 52-б.].
4. **Коммуникативдик ишмердүүлүктү активдештирүү** – окуучуларды сүйлөшүүгө, пикир алмашууга, суроолорго жооп берүүгө тартуу.

Демек, бул маселеде практикалык ишмердүүлүккө негизделген сабактардын ролу өтө жогору. Мугалимдин милдети – башталгыч класстардын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабакты кызыктуу, мазмундуу жана интерактивдүү өткөрүү. Бул үчүн окуу процессинде практикалык ыкмалардын ролу чоң. Мисалы, оюн формасындагы тапшырмалар баланын табигый кызыгуусун ойготуп, тил үйрөнүү процессин жеңилдетет. Диалогдор, ролдук оюндар, сүрөттөр менен иштөө жана сюжеттик тексттерди түзүү окуучулардын кеп көндүмдөрүн ар тараптуу өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Учурда окутуу процессинде практикалык ишмердүүлүктүн төмөнкү формалары кеңири колдонулат:

- **Проблемалуу суроолорду берүү** – окуучуну "активдүү ой жүгүртүүгө жана чыгармачыл чечимдерди табууга шыктандыруучу метод" [2, 121-б.].
- **Текстти түшүнүү жана талдоо** – жаңы лексикалык жана грамматикалык материалдарды өздөштүрүүнү жеңилдетет.
- **Диалогдук жана монологдук кепке көнүгүүлөр** – сүйлөөнүн мазмундуулугун жана түзүмдүүлүгүн бекемдейт.
- **Баяндама жана дил баян жаздыруу** – окуучунун жазуу кепти логикалык уюштуруусуна шарт түзөт.
- **Сөздөрдү маанилерине ылайык (синоним, антоним, макал-лакап ж.б.) колдонуу** – сөз байлыгын кеңейтип, тилдик каталарды азайтат.

Практикада окуучулар тексттер менен иштегенде, ар кандай сюжеттик кырдаалдарга байланыштуу суроолорго жооп берип, өз көз карашын билдирүүгө көнүгүшөт. Бул алардын логикалык ой жүгүртүүсүн, аргументтөө жөндөмүн жана сөздү мазмундуу колдонуу көндүмүн өнүктүрөт. Жазуу иштеринде окуучулар пландуу баяндама түзүүгө, окуяларды ырааттуу баяндоого, идеяларды логикалык ыраатка салууга үйрөнүшөт. Бирок "окуучуларга билим берүүдө эң негизги компонент катары окутуунун мазмуну турат" [3, 102-б].

Учурда башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин калыптандыруу процессинде теориялык негиздер менен практикалык ишмердүүлүктүн шайкеш келбеши эң негизги көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. Илимий изилдөөлөрдө белгиленгендей, окуучунун тилдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн окутуу методдору, колдонулган материалдар жана практикалык иштер комплекстүү, системалуу жана баланын жаш

өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган болушу зарыл. Бирок реалдуу практикалык шартта бул талаптар көп учурда толук аткарылбай келет.

Практикада кездешкен көйгөйлөрдүн эң негизгилеринин бири – **мугалимдердин методикалык даярдыгынын жетишсиздиги.** Айрым мугалимдер теориялык жактан заманбап окутуу ыкмалары менен тааныш болгону менен, аларды сабак процессинде натыйжалуу колдонуу чеберчилиги жетишсиз. Натыйжада сабактарда формалдуу, эскиче методдор колдонулуп, окуучулардын тилди өздөштүрүү процессине активдүү катышуусу чектелет. Мындан сырткары, колдонулуп жаткан методикалык колдонмолордун сапаты да көйгөй жаратат. Алардын көбү практикалык багыттуулугу жагынан жетишсиз, айрым учурда мазмуну окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келбейт. Мисалы, башталгыч класстын окуучусуна сунушталган тексттик материалдар өтө татаал же тескерисинче, жөнөкөй болуп калышы мүмкүн. Бул болсо окуучунун кызыгуусун төмөндөтүп, тил үйрөнүүдө күтүлгөн натыйжага жеткирбейт.

Мугалимдердин пикиринде, **теорияда сунушталган заманбап окутуу ыкмалары менен практикалык сабактардын жүрүшү** көп учурда шайкеш келбейт. Буга негизги себептер төмөнкүлөр:

- мугалимдердин кесиптик өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши (семинар, тренинг, курстарга жетишсиз катышуу);
- билим берүү системасындагы жаңычыл методдор боюнча жеткиликтүү практикалык колдонмолордун аздыгы;
- окуу материалдарынын балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана психологиялык даярдыгына туура келбеши.

Натыйжада, окуучуларда тилди өздөштүрүү формалдуу мүнөзгө өтүп, алардын сөз байлыгынын кеңейиши жана коммуникативдик жөндөмдөрүнүн калыптанышы жетишсиз деңгээлде болот.

**Долбоордук жана изилдөө иштеринин жетишсиздиги** да байкалат. Практикада бул багыттагы иштер дээрлик аз колдонулат. Окуучулар өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө, маалыматтарды чогултууга, жыйынтык чыгарып, өз оюн айтууга жетиштүү мүмкүнчүлүк алышпайт. Бул болсо алардын чыгармачылык потенциалын чектеп, кепти логикалык жана мазмундуу колдонуу көндүмдөрүн начарлатат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин калыптандыруу процессинде теория менен практика ортосунда айырмачылыктар жана шайкешсиздиктер билим берүү процессинде методикалык жактан терең изилдөөнү жана эффективдүү чечимдерди талап кылат. Теориялык материалдар көбүнчө заманбап тил илиминин жана педагогикалык изилдөөлөрдүн негизинде түзүлсө да, практикада алардын толук жана сапаттуу колдонулбай жаткандыгы байкалат. Белгиленген шайкешсиздиктердин негизги себептери төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. **Методология жана методикадагы сабатсыздык.** Теориялык негиздер заманбап жана илгерилеген болсо да, практикалык сабактарда мугалимдер аларды толук жана натыйжалуу колдоно албай, эски жана формалдуу ыкмаларга таянып калышат. Жыйынтыгында "интерактивдүү окутуу ыкмаларын жетишсиз пайдалангандыктан окуучуларды анча кызыктырбай калышы мүмкүн. Бул окуучулардын мотивациясыз болушуна жана окуунун натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн" [4, 190-б.].
2. **Мугалимдердин кесиптик деңгээли.** Педагогдордун профессионалдык чеберчилиги жана жаңыланууга умтулуусу жетишсиз болгон учурда теориялык билимдер практикада натыйжалуу колдонулбай калат.
3. **Методикалык камсыздоо.** Сабактарда колдонулган окуу материалдары жана методикалык колдонмолор көп учурда теориялык талаптарга толук жооп бербейт же окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташпай калат.
4. **Уюштуруучулук жана убакыттык чектөөлөр.** Сабактын чектелген убактысы жана мектептик программадагы талаптар жаңы методдорду жана интерактивдүү ыкмаларды толук ишке ашырууга тоскоолдук кылат.

Бул шайкешсиздиктер окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүнүн жетишсиз өнүгүшүнө, оозеки жана жазуу кебиндеги чеберчиликтеринин төмөн болушуна алып келет. Ошондой эле, сабактын натыйжалуулугуна терс таасир этип, жалпы билим берүүнүн сапатына кесепетин тийгизет. Бул көйгөйлөрдү чечүү жана башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин натыйжалуу өнүктүрүү үчүн төмөнкү сунуштарды берүү маанилүү:

Биринчи жана эң маанилүү чара – **теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдү интеграциялоо.** Студенттер алган теориялык билимди дароо практикада колдонууга мүмкүндүк берүүчү окутуу формалары педагогикалык даярдыктын сапатын жакшыртат. Бул максатта теориялык сабактарда концепциялар мисалдар жана практикалык көнүгүүлөр аркылуу чагылдырылышы керек. Мисалы, «коммуникативдик мамиле» принциби теориялык лекцияда гана баяндалбастан, рольдук оюндар, диалогдук машыгуулар жана долбоордук иштер аркылуу конкреттүү сабак мисалдарында колдонулушу зарыл. Бул студенттерге теорияны практикага туура жана натыйжалуу интеграциялоого жардам берет.

Экинчи чара – **педагогикалык практиканын мазмунуна** көңүл буруу керек. Кээ бир мезгилде практикалар окуучулардын чейрек аягындагы кайталоо сабактарына туура келип калган учурлары болгон. Практика максаттуу, мазмундуу уюштурулса, студенттер окуучулар менен туруктуу иштөө, сабакты өз алдынча пландаштыруу жана методикалык чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ошондой эле практикалык көндүмдөрдүн ар кандай формаларын – мисалы, интерактивдүү сабактар, группалык долбоорлор жана коммуникативдик оюндарды – колдонууну үйрөнүшөт.

Үчүнчү чара – **окутууда инновациялык педагогикалык технологияларды кеңири колдонуу.** Муну “сүйлөө көндүмүнө үйрөтүүчү интерактивдүү системалар” [5, 42-б.] катары кароого да болот. Рольдук оюндар, проекттик метод, кейс-стади жана элект рондук ресурстар студенттердин чыгармачылык жана коммуникативдик көндүмдөрүн активдештирет. Бул технологиялар теорияны практика менен айкалыштырып, студенттерге окуучулардын ар кандай курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык сабак өтүүнү үйрөтөт. Мисалы, проекттик метод студенттерге окуучулардын кызыкчылыгына жараша топтук долбоорлорду уюштурууга мүмкүндүк берет жана алардын чыгармачылык потенциалын өстүрөт.

Төртүнчү чара – студенттердин **рефлексиялык жөндөмдөрүн калыптандыруу**. Практикадан кийин студенттер өз сабактарын талдап, жетишкендиктерин жана кемчиликтерин системалуу түрдө баалоого үйрөнүшү керек. Бул максатта педагогикалык практика соңунда семинарлар уюштурулуп, студенттер өз тажрыйбасын талкуулайт, сабактын күчтүү жана алсыз жактарын аныктап, келечектеги сабактар үчүн сунуштар түзүшөт. Рефлексиялык процесстин интеграциясы студенттин өз алдынчалуулугун жана кесиптик ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Бешинчи чара – практика жетекчилерин, мугалим-менторлорду кесиптик жактан даярдоо. Менторлор студенттерге эркиндик берип, алардын чыгармачылык изденүүсүн колдошу абзел. Ментордук колдоо студенттерге сабакты пландаштырууда, окуучулар менен иштөөнүн инновациялык формаларын колдонууда жана практикалык көйгөйлөрдү чечүүдө эффективдүү жардам көрсөтөт. Ментордун ролу теория менен практика арасындагы ажырымды азайтууга жана студенттин кесиптик ишенимин жогорулатууга багытталган болушу керек.

Алтынчы чара - студенттердин мотивациясын жогорулатуу жана **сабакты баалоо системасын оптималдаштыруу маанилүү.** Практикалык иштерди баалоодо теорияны колдонуу, чыгармачылык жана өз алдынчалуулук негизги критерий катары колдонулушу керек. Мотивация жана баалоо процессине көңүл буруу студенттерди активдүү катышууга шыктандырат, теориялык билимди практика менен туруктуу интеграциялоого шарт түзөт жана кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатат.

Жогоруда айтылган чараларды комплекстүү жана системалуу түрдө колдонуу теория менен практика ортосундагы шайкешсиздикти азайтууга мүмкүндүк берет. Интеграцияланган окутуу, практиканын мазмунуна көңүл бөлүү, инновациялык технологияларды колдонуу, рефлексиялык процессти өнүктүрүү жана ментордук колдоо болочок мугалимдердин

кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатат жана башталгыч класстардын окуучуларынын кептик ишмердигин өнүктүрүүдө натыйжалуу тажрыйба түзөт.

**Корутунду.** Иликтөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, башталгыч класстардын окуучуларынын кеп ишмердигин өнүктүрүүдө теория менен практика ортосундагы шайкештикти камсыздоо билим берүү сапатын жогорулатууда негизги шарт болуп саналат. Бул көйгөйдү чечүү үчүн:

- теория менен практикалык көндүмдөрдү интеграциялоо;
- практиканын мазмунуна көңүл буруу;
- инновациялык педагогикалык технологияларды колдонуу;
- рефлексиялык процессти өнүктүрүү жана ментордук колдоо зарыл.

Бул чаралар мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатып, окуучулардын тилдик жана коммуникативдик көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө шарт түзөт. Натыйжада, теория менен практика арасындагы ажырым азайып, башталгыч класстардын окуучуларынын кептик компетенттүүлүгү натыйжалуу калыптанат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Гапарова Ч. Башталгыч класстарда кызматчы сөздөрдү окутууда тилдик жана кептик компетенцияларды калыптандыруучу көнүгүү жумуштары / Ч.Гапарова //Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин жарчысы. – 2025. - №2. - 49-53-б. https://vestnik.knu.kg/wp-content/uploads/2025/09/%D0%92%D0%B5%D1%81%D1%82%D0%BD%D0%B8%D0%BA-%D0%9A%D0%9D%D0%A3-2-2025.-1.pdf

2.Турдубаева К.Т. Мотивациялык методдор билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун каражаты катары / К.Т. Турдубаева // ОшМПУнун жарчысы. – 2025. – 1-том, №2 (24). -119-122-б. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/198/118

3. Гапарова Ч. Иш кагаздары жөнүндөгү окуу материалдарынын предметтик стандартка ылайык класстар боюнча бөлүштүрүлүшү жана алардын окуу китептеринде берилиши / Ч.Гапарова // Ош МУнун Жарчысы. – №3. – 2019. 97-100 https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/OSUGAPAROVA.pdf

4.Сакиева С.С.Башталгыч класста кыргыз тилинин окутуунун методикасы: учурдагы абалы жана көйгөйлөрү / С. Сакиева. А.Амирова, А. Аширалиева // ОшМПУнун жарчысы. – 2025. - 2-том, №1 (25). -186-191-б. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/285/264

5.Юсупова А. Роль искусственного интеллекта в трансформации традиционных методов обучения: развитие речевой деятельности учащихся через образовательные проекты [Текст] / А.Юсупова, Ч.А.Гапарова, М.К.Мадумарова. – Чебоксары: ИД “Среда”, 2024. – 232 с. – ISSBN978-5-907830-84-4. – DOI 10.31483/а -10656 41-49-б. https://phsreda.com/ru/article/113974/discussion_platform

**УДК 378.147:004**

## STEM БИЛИМ БЕРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖАНА АНЫ 12 ЖЫЛДЫК МЕКТЕПТИН ОКУУ ПЛАНЫНДА ИШКЕ АШЫРУУ ЖОЛДОРУ

**Джумабаева Акылай Номонжановна - окутуучу, ОшМПУ**
**djumabaeba@mail.ru**
**Калыкова Перизат- Окутуучу, ОшМПУ**

**Аннотация**

Макалада STEM (Science, Technology, Engineering, Mathematics) билим берүү концепциясынын маңызы жана анын 12 жылдык мектептин окуу планында ишке ашыруу жолдору талданат. STEM билим берүү — бул илим, технология, инженерия жана математика предметтерин интеграциялоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык, аналитикалык жана практикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган инновациялык ыкма. АКШнын